УДК: 338.23 (575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-12-18

**АСАНГУЛОВА Ж.Э.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АСАНГУЛОВА Ж.Э.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ASANGULOVA ZH.E.**
KNU Jusup Balasagyn

# САНАРИПТЕШТИРҮҮ ШАРТЫНДА ТУРМУШТУК ООР КЫРДААЛГА КАБЫЛГАН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮ ЖАНА БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДЫК КОШТОО: КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАЖРЫЙБАСЫ

СОЦИАЛЬНОЕ СОПРОВОЖДЕНИЕ СЕМЕЙ И ДЕТЕЙ, НАХОДЯЩИХСЯ В ТРУДНОЙ ЖИЗНЕННОЙ СИТУАЦИИ В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВИЗАЦИИ: ОПЫТ КЫРГЫЗСТАНА

SOCIAL SUPPORT FOR FAMILIES AND CHILDREN IN DIFFICULT LIFE SITUATIONS IN THE CONTEXT OF DIGITALIZATION: THE EXPERIENCE OF KYRGYZSTAN

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандагы санариптештирүү шартында турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөрдүн жана балдардын социалдык жактан интеграцияланышына көңүл бурулат. Автор заманбап санариптик технологиялардын, айрыкча “Түндүк” системасынын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуудагы, бюрократиялык тоскоолдуктарды азайтуудагы жана аялуу топторго социалдык колдоону күчөтүүдөгү ролу талданат. Макалада технологиялык инновациялардын кыргыз элинин маданий жана салттуу баалуулуктары менен интеграцияланышы, ошондой эле өлкөдө санариптик трансформацияны өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары каралат.

**Аннотация:** Статья, посвящена вопросам социальной инклюзии семей и детей, находящихся в трудной жизненной ситуации, в условиях цифровизации Кыргызстана. Автор анализирует роль современных цифровых технологий, в частности системы “Түндүк”, в повышении эффективности предоставления государственных услуг, снижении бюрократических барьеров и укреплении социальной поддержки уязвимых групп населения. В работе раскрыты особенности интеграции технологических инноваций с культурными и традиционными ценностями кыргызского народа, а также стратегические направления развития цифровой трансформации в стране.

**Abstract:** This article focuses on the social inclusion of families and children in difficult life situations in the context of digitalization in Kyrgyzstan. The author analyzes the role of modern digital technologies, particularly the “Tunduk” system, in improving the efficiency of public services, reducing bureaucratic barriers, and strengthening social support for vulnerable groups. The paper explores the integration of technological innovations with the cultural and traditional values of the Kyrgyz people, as well as strategic directions for the development of digital transformation in the country.

**Негизги сөздөр:** санариптештирүү; “Түндүк” электрондук системасы; мамлекеттик кызматтар; маалыматтык технологиялар; ачык-айкындуулук жана башкаруунун натыйжалуулугу; санариптик экономика; туруктуу өнүгүү.

**Ключевые слова:** цифровизация; электронная система “Түндүк”; государственные услуги; информационные технологии; прозрачность и эффективность управления; цифровая экономика; устойчивое развитие.

**Keywords:** digitalization; the “Tunduk” electronic system; government services; information technology; transparency and governance efficiency; digital economy; sustainable development.

Санариптештирүү Кыргыз Республикасын өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт, өзгөчө социалдык контекстте ал актуалдуу маселелерди чечүүнүн маанилүү куралына айланууда. Кыргыз Республикасынын алдында турган учурдагы

милдеттердин контекстинде, анын ичинде социалдык-экономикалык өнүгүү, коррупцияга жана коомдук баш аламандыкка каршы күрөшүү, санариптик технологияларды оптималдаштыруу, мисалы, “Түндүк” электрондук системасы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү жакшыртуу жана мамлекеттик башкаруунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча маанилүү кадам болуп саналат. Бул өзгөртүүлөр жарандык биримдикти жана коомдук ынтымакты чыңдоого багытталган “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу доктринасынын принциптерин колдойт [1]. Натыйжалуу санариптештирүү кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктары менен айкалышып, адилеттүү жана бакубат коомду куруу процессине жарандардын активдүү катышуусун камсыз кылуу менен мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө негиз түзүүдө.

Акыркы ондогон жылдар аралыгында Кыргызстанда социалдык-экономикалык жана саясий турмуштун бардык чөйрөлөрүндө мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү трансформациялоо процесси жүрүп жатат. Бул 2017-жылдан баштап бардык саясий, экономикалык жана социалдык тармактардын санариптештирүү системасына өтүүдө көрүндү.

Өлкөдө санариптик экономиканы өнүктүрүүнүн негизги максаты санариптик инфраструктураны куруу жана кеңейтүү, ишканалардын жана уюмдардын натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөргө заманбап санариптик технологияларды киргизүү болуп саналат.

2018-жылдан 2040-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жана “Таза Коом” санариптик трансформация программасында өлкөнүн санариптик экономикасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын жазылган “Таза Коом” ачыктык, айкындуулук принциптерине негизделген, заманбап коомду түзүүнү жана жарандардын, бизнестин жана мамлекеттин деңгээлинде атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камсыз кылуу үчүн акыркы технологияларды колдонууга багытталган программа болуп саналат. “Санариптик Кыргызстан” концепциясы өлкөнүн алдыңкы санариптештирүү процессинин түзүмүн, башкаруу системасын жана негизги принциптерин аныктоо менен санариптик трансформация программасын толуктайт жана кеңейтет. “Таза коом жана Санариптик Кыргызстан” улуттук стратегиясын ишке ашыруу алкагында республикада “Түндүк” электрондук системасы иштелип чыккан. [2].

“Түндүк” электрондук системасын иштеп чыгуу, ишке киргизүү жарандарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча улуттук стратегияны ишке ашырууда актуалдуу жана зарыл кадам болуп болуп саналат. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык системаларын бир электрондук аянтчага бириктирүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө кайрылуу процессин ыңгайлуу, ачык-айкын жана натыйжалуу кылды. Ошондой эле бюрократизмди кыскартууга, жарандарга кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга жана калктын бардык катмарлары үчүн мамлекеттик кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түздү. Натыйжада, “Түндүк” системасын өнүктүрүү мамлекеттик башкарууну модернизациялоонун маанилүү кадамы болуп калды жана улуттук өнүгүү стратегиясынын максаттарына жетүүгө чон салымын кошту.

Учурда Кыргызстанда “Түндүк” электрондук системасы, жаныртылып, оңдоо, түзөөлөр жана толуктоолор киргизилип, көптөгөн мамлекеттик кызматтарды санарип форматта алууга шарт түзүлдү. . Бул системага өлкөнүн калкынын 70%дан ашыгы кошулган, мында жарандардын басымдуу бөлүгү акысыз, ыкчам жана сапаттуу кызматтарды алышат жана электрондук маалымат базасы учурда 40ка жакын мамлекеттик органдардын 147 кызматын камтыйт [3]. Бул система тейлөө үчүн мыкты шарттарды түзгөн. Маселен, мурда жашаган жеринен маалымкат алуу үчүн адам мамлекеттик органдарда кезекке туруп, өз маалыматтарын берип, эртеси маалымкат алууну күтүш керек болчу. Түндүк системасынын аркасында бул процесстердин баары бир кыйла кыскарды. Мындан тышкары мамлекеттик жана коммерциялык уюмдардын ортосунда электрондук форматта маалымат алмашууну камсыздайт, жана ар кандай транзакцияларга квалификациялуу электрондук кол тамганы кою дагы каралган.

“Түндүк” долбоорунун максаты – мамлекеттик органдарда башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, коррупцияны азайтуу жана жарандар менен ишкерлер үчүн автоматташтыруу жана анык маалыматтарды алууну, мамлекеттик кызматтарды сапаттуу жана ыкчам көрсөтүүнү камсыздоо аркылуу бюрократиялык тоскоолдуктарды жоюу болуп саналат.

Санариптик Кыргызстан стартегиясынын алкагында иштин белгилүү бир багыттары менен алектенген ар бир уюм кызмат көрсөтүү процессин жөнөкөйлөтүү үчүн өзүнүн автоматташтырылган электрондук системаларын иштеп чыгууда. Бул системалар алынган кызматтардын санын жана жарандардын суроо-талаптарын камтыган статистикалык маалыматтарды чогултат. Бул өз кезегинде кызматтарды көрсөтүүнү жеңилдетет жана тездетет. Мисалы, Ички иштер министрлиги ERPP (Кылмыштардын жана укук бузуулардын бирдиктүү реестри) электрондук тутумун колдонот, ал эми саламаттыкты сактоо тармагында “Санариптик ден соолук профили” ж.б.

Стратегиянын алкагында КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрилиги (КР ЭСКМ) тарабынан санариптештирүүнүн “Социалдык жардамдын Корпоративдик маалыматтык системасы” (СЖКМС), “Эмгек рыногунун маалыматтык системасы” (ЭРМС) жана “Асырап алуу кызматтары порталы" түзүлгөн. Министрлик бул электрондук системалары аркылуу калкты жана эмгек чөйрөсүн социалдык жактан коргоо тутумун санариптештирүү, коомдун социалдык аярлуу катмарындагы үй-бүлөлөрдү, балдарды, колдоо боюнча иштерди жүргүзүүдө. Бүгүнкү күндө министрлик “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасына толук кошулду. Ошол эле учурда бала төрөлгөндө “Балага сүйүнчү” бир жолку жөлөкпул дайындоо жол-жобосу жөнөкөйлөштүрүлүп, толук автоматташтырылган, б.а. арыз толтурулуп, эки жумушчу күндүн ичинде “Балага сүйүнчү” төлөнөт. Бүгүнкү күндө жогоруда белгиленген электрондук системалар толук кандуу иштеп жатат.

Социалдык жардамдын Корпоративдик маалыматтык системасы жана Эмгек рыногунун маалыматтык системасы, бул жөлөкпулдарды дайындоодо механикалык каталарды кетирүү, кош дайындоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды, коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырды. Ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды асырап алуу Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн аларды үй-бүлөгө жайгаштыруунун артыкчылыктуу формасы болуп саналат. Ал эми бала асыроо секторунда ачыктыкты камсыздоодо жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтууда негизги ролду ойноду.

№ 391 «Турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө» жобонун кабыл алынышы менен 2015-жылдан тарта өлкөдө оор турмуштук кырдаалдарга кабылган конкреттүү бала жана анын үй-бүлөсү менен комплекстүү жана даректүү социалдык иш жүргүзүү процесси катары кейс менеджмент системасы иштеп жатат [4]. Жергиликтүү адистер балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен иштөөнүн бекитилген формаларынын негизинде турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар (ТОК) жана алардын үй-бүлөлөрү, жободо аныкталган балдардын категориялары менен иштөө алгоритми, иштерди ачуу, жабуу жана мониторинг системасы пайда болду, анын жүрүшүндө балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат көрсөтүүлүдө.

Бирок ошол эле учура жобонун алкагында иш алып барууда социалдык кызматкерлер ишинин сапаттуулугун жана натыйжалуулугун олуттуу төмөндөтүүчү көптөгөн көйгөйлөргө туш болушууда. Мындай көйгөйлөргө бир нече негизги факторлорду кошууга болот.

- Биринчиден, социалдык кызматкерлердин орундарынын кескин жетишсиздиги. Бул калган кызматкерлердин ашыкча иштөөгө мажбур болушуна алып келет, бул көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын төмөндөтөт жана алардын мотивациясына терс таасирин тийгизет.
- Экинчиден, күтүлбөгөн кызматтык иш сапарларынын чыгымдары да тапшырмаларды аткарууну кыйындатат. Социалдык кызматкерлер көп учурда жардам көрсөтүү үчүн сапарга чыгууга аргасыз болушат, бул дайыма эле бюджеттин эсебинен жабылбаган кошумча каржылык чыгымдарды талап кылат.
- Мындан тышкары кеңсе буюмдарынын жетишсиздиги жана эскирген компьютердик техника натыйжалуу иштөөгө кошумча тоскоолдуктарды жаратат. Бул документ жүгүртүү процессин жайлатуу менен, санариптештирүү шартында өтө маанилүү болгон заманбап маалыматтык технологияларга жетүүнү кыйындатат.
- Эмгек акынын аздыгы социалдык кызматкерлерди шыктандырбаган негизги факторлордун бири. Эмгек шарттары жана эмгек акынын деңгээли аткарылган иштин татаалдыгына жана маанилүүлүгүнө ылайык келбейт, бул кадрлардын көп алмашуусуна жана квалификацияны жогорулатууга жетишсиз кызыкчылыкка алып келет.
- Кесиптик өнүктүрүү программаларынын жоктугу социалдык кызматкерлердин кесиптик өсүшүнө олуттуу тоскоолдук жаратууда. Акыркы үч жылда бул адистерди

окутуу жана өнүктүрүү программалары үчүн донорлордун каржылоосунун кыскарышы жергиликтүү деңгээлде жаңы билимдерге жана көндүмдөргө болгон муктаждыкты көрсөтүп турат. Бул өзгөчө тез өзгөрүп жаткан социалдык контекстте жана социалдык кызматкерлердин кесиптик ишине болгон талаптардын дайыма өсүп жаткан шартында актуалдуу. Кардарлардын айрым категориялары менен иштөөнүн натыйжасында пайда болгон кесиптик күйүп кетүү дагы олуттуу көңүл бурууну талап кылат, анткени ал алардын ишине терс таасирин тийгизет. Ошондуктан, социалдык кызматкерлердин кесиптик өнүгүүсүн жогорулатууга багытталган демилгелерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу өтө маанилүү. Алардын квалификациясын жогорулатуу социалдык жардам мекемелеринин кадрдык ресурстарын гана бекемдебестен, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртууга да өбөлгө түзөт. Бул өз кезегинде бул мекемелердин жалпы натыйжалуулугунун жогорулашына алып келет. Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетинде жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн маалыматтары окутуучулар үчүн, анын ичинде социалдык кызматкерлерди окуткандар үчүн кесиптик өнүгүү жана стажировка зарылдыгын тастыктайт. Изилдөөдө университет тарабынан каржыланган окутуучулардын чет өлкөлөрдө стажировкадан өтүү маселеси каралган. Жыйынтыктар көрсөткөндөй, окутуучулардын чет өлкөлүк университеттерде стажировкага катышуусу төмөн бойдон калууда: респонденттердин 6%ы гана бир стажировкадан өтүшкөн, ал эми 2%ы гана бир нече стажировкадан өтүшкөн. Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (92%) чет өлкөлүк билим берүү мекемесинде эч качан стажировкадан өтүшкөн эмес, бул эл аралык тажрыйбанын жана билим алмашуунун жетишсиздигин көрсөтүп турат [5]. Натыйжада, кесиптик өнүктүрүү программаларынын жоктугу жана окутуучулардын жетишсиз мобилдүүлүгү билим берүүнүн сапатына жана социалдык кызматкерлердин кесиптик өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет. Бул кемчиликтерди жоюу жалпысынан билим берүү жана социалдык мекемелердин натыйжалуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыты болуп саналат.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдү комплекстүү чечүү, анын ичинде эмгек шарттарын жакшыртуу, татыктуу эмгек акы жана квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү социалдык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун олуттуу жогорулатууга жана калкка көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

КР Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлиги турмуштук оор кырдаалга кабылган балдардын автоматташтырылган маалымат базасын иштеп чыгып, бул системаны өлкөнүн 5 облусунда пилоттук түрдө ишке киргизген [5]. Бирок, өлкө мектептерде, үй-бүлөлөрдө жана жамааттарда балдарга карата зордук жана зомбулуктун күчөшүнө дуушар болууда; балдарды ашыкча институтташтыруу; алсыз сот системасы; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын коомго начар кошулушу; эмгек мигранттарынын балдарынын жер-жерлерде начар каттоосу жана балдардын киберкоопсуздугу. Жогорудагы көйгөйлөр мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун ортосундагы начар ведомстволор аралык кызматташуунун натыйжасы болуп саналат.

Зордук-зомбулук учурларына өз убагында чара көрүлбөшү, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнүн кызматкерлеринин жана социалдык кызматкерлердин санынын аздыгынан, балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен иштөө боюнча иш пландарын иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана мониторинг жүргүзүүгө физикалык убакыттын жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт.

Балдар мекемелерине ЮНИСЕФ тарабынан жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, балдардын көбү ата-энесинин ажырашуусунан, үй-бүлөнүн материалдык абалынын оордугунан, мектептин жашаган жеринен алыстыгынан, көп балалуу болгондугунан, ата-энесинин биринин каза болгондугунан ж.б себептерден улам баланы атайын балдар интернаттарына жайгаштырганы аныкталган. Ошол эле учурда балдардын интернатка жайгаштыруусу боюнча, баланын абалы тууралуу өтө аз маалымат чогултулганы тастыкталган. ТОК үй-бүлөлөрдүн жана балдардын көйгөйлөрүн чечүүдө финансылык жардам берүү жетишсиз, бул өз учурунда комплекстүү түрдө чечүүнү талап кылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.02.2023-жылдагы № 57 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин балдардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине

өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому [4] турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды аныктоонун жана социалдык жактан коштоо көрсөтүүнүн автоматташтырылган тутумун киргизүүгө жана турмуштук оор кырдаалга кабылган балдардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн баалоо процесстерин оптималдаштырууга мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын автоматташтырылган маалыматтык системасы (ТОК АМС)— республиканын, райондордун жана шаарлардын деңгээлиндеги ар кандай мамлекеттик органдардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыздайт. Анын курамына социалдык кызматкерлер гана эмес, башка тиешелүү мамлекеттик органдар да киргизилген.

Системанын иштешинин алкагында ведомстволор аралык кызматташуу олуттуу өстү, анын натыйжасында 17 ведомстволук түзүм ТОК АМС интеграцияланды. Бул түзүмдөр N57 токтому менен белгиленген №391 жобого ылайык түзүмгө кирген мамлекеттик органдарды жардам көрсөтүүгө жана өз функцияларын аткарууга милдеттендирилет.

Учурда бул процесс өлкөнүн 7 облусунда пилоттук режимде ишке ашырыла баштады. Жашы жете электердин иштери боюнча инспекциянын, жарандык абалдын актыларын жазуу бөлүмдөрүнүн, райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынын, райондук билим берүү бөлүмүнүн жана ТОК АМС системасын ишке ашырууда түздөн-түз өз ара аракеттенүүчү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери сыяктуу жергиликтүү райондук деңгээлдеги ведомстволор аралык мамлекеттик органдардын өкүлдөрү окуудан өтүштү. Бул система 2025-жылдын аягына чейин турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга жана үй-бүлөлөргө кызмат көрсөтүүнүн деңгээли боюнча биринчи натыйжаларды берет деп пландаштырылууда.

Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар жана үй-бүлөлөр үчүн автоматташтырылган маалыматтык тутумдун электрондук системасы социалдык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуунун маанилүү куралы болуп саналат. Бул системанын негизги артыкчылыктарын, анын иштөө принциптерин жана социалдык кызматтардын ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин кененирээк карап чыгалы.

Автоматташтырылган маалымат системасынын артыкчылыктары

1. Маалыматка жетүүнү жөнөкөйлөштүрүү: Социалдык кызматкерлерге жардамга муктаж болгон үй-бүлөлөр жана балдар жөнүндө заманбап маалыматты тез алууга мүмкүндүк берет. Бул социалдык статусу, жардам алуу үчүн мурунку кайрылуулар жана көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Бул маалыматка жетүү чечим кабыл алуу процессин кыйла тездетет.

2. Маалыматтарды интеграциялоо: Система ар кандай булактардан алынган маалыматтарды, анын ичинде медициналык, билим берүү, укук коргоо органдары, айыл өкмөттүн социалдык иштер бонча адистери, балдарды коргоо бөлүмүнүн башчылары, социалдык маселелер боюнча райондук жетекчилерди, мамлекеттик каттоо органдары жана социалдык кызматтарды бириктире алат. Бул ар бир үй-бүлөнүн абалынын толук абалын көрсөтөт жана социалдык кызматкерлерге жеке жардам көрсөтүү программаларын натыйжалуураак иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

3. Мониторинг жана талдоо: коомчулуктун деңгээлинде тенденцияларды жана көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтарга мониторинг жүргүзүү жана талдоо куралдарын камсыз кылат. Ошол эле учурда турмуштук оор кырдаалга туш болгон үй-бүлөлөрдүн санын кыскартууга багытталган алдын алуу программаларын иштеп чыгууга жардам бериши мүмкүн.

4. Жакшыртылган координация: Автоматташтырылган система социалдык коргоо тармагында иштеген ар кандай ведомстволор менен уюмдардын ортосундагы координацияны жакшыртууга шарт түзөт. Бул аракеттердин кайталануусуна жол бербейт жана үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрүн чечүүгө комплекстүү мамилени камсыз кылат.

Системанын иштөөсүнүн негизги этаптарын төмөнкүчө чагылдырууга болот:

1. Маалыматтарды чогултуу: Социалдык кызматкерлер үй-бүлөлөр жана балдар жөнүндө маалыматтарды системага өздөрүнүн иш сапары жана консультациялары учурунда киргизишет. Бул жашоонун социалдык, экономикалык жана психологиялык аспектилери боюнча маалыматтарды камтышы мүмкүн.

2. Маалыматты иштетүү: негизги көрсөткүчтөрдү жана көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк берген алгоритмдердин жардамы менен киргизилген маалыматтарды иштеп

чыгат. Бул социалдык кызматкерлер үчүн автоматтык түрдө отчетторду жана сунуштарды түзүүнү камсыз кылат.

3. Маалыматтарды сактоо жана коопсуздук: Бардык чогултулган маалыматтар анын купуялуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн коопсуз маалымат базасында сакталат. Ыйгарым укуктуу адамдар гана маалыматты көрө алышат.

4. Отчет берүү жана талдоо: Система социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун талдоого жардам берген отчетторду түзөт. Бул программалардын үй-бүлөнүн бакубаттуулугуна тийгизген таасирин баалоого мүмкүндүк берүүчү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү камтыйт.

Натыйжада, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар жана үй-бүлөлөр үчүн автоматташтырылган маалыматтык тутумдун электрондук системасы социалдык кызматтардын ишин жакшыртууга көмөктөшүүчү кубаттуу курал болуп саналат. Бул маалыматка жетүүнү жеңилдетип, түрдүү уюмдардын ортосундагы координацияны жакшыртып гана тим болбостон, ошондой эле көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын бир топ илгерилетет, бул акыр аягында калктын аярлуу катмарынын бакубаттуулугуна өбөлгө түзөт.

Макаланы жыйынтыктап жатып төмөндөгүчө корутундуларды белгилеп кетсек болот:

- Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү трансформациялоо: Акыркы он жылдыктарда Кыргызстанда санариптештирүү аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү модернизациялоо боюнча жигердүү иш жүрүп жатат, бул алардын жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун бир топ жогорулатты.
- Түндүк системасынын ийгилиги: «Түндүк» электрондук системасын ишке киргизүү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнү оптималдаштыруунун маанилүү кадамы болуп калды, бул бюрократиялык жол-жоболорду кыскартып, жарандарды тейлөөнүн сапатын жогорулатты.
- Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү: Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги социалдык кызматтарды, өзгөчө калктын аярлуу катмарын жашоо шартын жакшыртууга көмөктөшүүчү бир нече электрондук системаларды иштеп чыкты.
- Балдарды коргоо системасындагы көйгөйлөр: Жетишкендиктерге карабастан, өлкөдө балдарга карата зордук-зомбулукка, турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жетишсиз колдоо көрсөтүүгө жана мамлекеттик органдардын ортосундагы жетишсиз координацияга байланыштуу олуттуу көйгөйлөр калууда.
- Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар үчүн автоматташтырылган маалыматтык тутумдун (ТОК АМС) иштеп чыгуусу социалдык кызматкерлердин бул топторду коргоого багытталган ишмердүүлүгүн кыйла жакшыртат. Бул системаны ишке ашыруу иш процесстерин оптималдаштырып гана тим болбостон, социалдык коргоо тармагындагы иштин жалпы натыйжалуулугун да келечекте жогорулатат.

Мындан тышкары, бул система балдарды коргоонун жеке планын жана үй-бүлөнүн жеке иш планын иштеп чыгууда ажырагыс инструментке айланууда. Бул программалар күнүмдүк иштердин көлөмүн бир топ кыскартып, адистердин көңүлүн кыйла маанилүү милдеттерге бурууга мүмкүндүк берет, бул болсо, өз кезегинде, аларга жүктөлгөн жүктү азайтат. Система жана ага тиешелүү маалыматтык программалар социалдык кызматтарды көрсөтүүдө көбүрөөк маалыматтуу жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга көмөктөшөт, бул оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга көрсөтүлүүчү жардамдын сапатын жакшыртат. Натыйжада, социалдык кызматтардын натыйжалуулугун гана жогорулатпастан, ошондой эле ага муктаж болгондор үчүн коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүүгө жардам берет.

Талдоолордун жана корутундулардын негизинде социалдык чөйрөдө ТОК кабылган жана социалдык аяр мамилеге муктаж болгон катмарды социалдык жактан коргоодо төмөнкүдөй сунуштар берилет:

1. Ведомстволор аралык кызматташтыкты чыңдоо аркылуу турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды натыйжалуураак аныктоо жана колдоо үчүн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун ортосундагы координацияны жакшыртуу сунушталат.

2. Кошумча окутуу ресурстары аркылуу үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлерин жана башка мекемелердин кызматкерлерине кошумча ресурстар жана тренингдер өткөрүү, ал өз учурунда социалдык кызматкерлер жана башка ведомствонун кызматкерлери функцияларын натыйжалуураак аткара алышат

жана үй-бүлөлөрдүн татаал көйгөйлөрүн чече алышат.

3. Мониторинг жана баалоо аркылуу жаңы автоматташтырылган системалардын жана программалардын иштешине мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун так механизмин түзүү сунушталат, бул көйгөйлөрдү өз убагында аныктоого жана зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Бул чаралар Кыргызстанда санариптештирүүнү андан ары өнүктүрүүгө жана жарандардын, өзгөчө калктын аярлуу катмарынын жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. https://cbd.minjust.gov.kg/230019498/edition/23327/ru
2. Аманалиева М. О. Развитие цифровой экономики в регионах Кыргызстана // Бюллетень науки и практики. 2020. Т. 6. №2. С. 219-225. https://doi.org/10.33619/2414-2948/51/22
3. https://tunduk.gov.kg/ru/pages/2-informatsionnye-sistemy
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы№ 391 токтому менен бекитилген Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО.
5. Усубалиева А.А. Совершенствование системы подготовки специалистов социальной сферы// Вестник КНУ№ 2022 №1 (109). С-153

https://www.gov.kg/ru/post/s/oor-turmushtyik-kyirdaalga-kabyilgan-baldardyin-elektronduk-bazasyi-t-z-ld


**Рецензент: социология илимдеринин кандидаты, доцент Шайылдаева А.К.**